КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ
К.Ш. ТОКТОМАМАТОВ АТЫНДАГЫ
ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ
*окуу-илимий-өндүрүштүк комплекси*

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ
И НАУКИ
*Учебно-научно-производственный комплекс*
МЕЖДУНАРОДНЫЙ УНИВЕРСИТЕТ
ИМЕНИ К.Ш. ТОКТОМАМАТОВА

14.06.2021 № 75

# БУЙРУК ПРИКАЗ

**"ЭАУнун Окумуштуулар кеңешинин токтомун бекитүү жөнүндө"**

К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университеттин Окумуштуулар кеңешинин кеңейтилген отурумунун 2021-жылдын 14-июнундагы №15 токтому бектилсин:

## ТОКТОМ:

1. ЭАУнун кызматкерлерин аттестациялоо жобосу сунушталган алымча-кошумчалар менен бекитилсин.
2. ЭАУда жана анын колледждеринде билим алуу келишиминин мазмунуна экономика, эсеп-кысап, жыйынтыктоо жана каржы бөлүмү, кабыл алуу комиссиясы тарабынан сунушталган өзгөртүүлөр киргизилсин.
3. 2021-2022-окуу жылына багыттар жана адистиктер боюнча окуу акыларынын өлчөмдөрү, талапкерлердин документтерин кабыл алуу акысынын өлчөмү бекитилсин.
4. 2021-жылдын 28-29-апрель күндөрү Баткен областында кыргыз-тажик чек арасындагы жаңжалдан жапа чеккен ЭАУнун студенттерине (Баткен областынын Баткен жана Лейлек райондоруна караштуу Сада, Максат, Кулунду, Жаштык, Центральный, Арка, Көк-Таш айылдарынын тургундары) тартылган зыян өлчөмүнө ылайык окуу акысынан жеңилдиктер каралсын (КР Өзгөчө кырдаалдар министрлиги ж.б. мамлекеттик уюм-мекемелердин тийиштүү тактамаларынын негизинде).
5. ЭАУ студенттерин жана кызматкерлерин материалдык кызыктыруу, колдоо жөнүндө жобо сунушталган алымча-кошумчалар менен бекитилсин.
6. ЭАУнун уставы каралды жана кабыл алынды деп эсептелип, окуу жайдын негиздөөчүсү Кыргыз кооперативдеринин башкармалыгы тарабынан бекитилүүгө сунушталсын.
7. Билим берүүнүн сапатын көзөмөлдөө, камсыздоо жана аккредитация бөлүмүнүн башчысы, э.и.к., проф. Г.Т. Пулатова, математика, информатика жана педагогика кафедрасынын башчысы, техн.и.к., проф. З.А. Асилова "Интернет технологиялар жана башкаруу" багыты боюнча программалык аккредитациядан өтүүгө даярдыкты I проректор, э.и.к., проф. А.К. Кантөрөеванын көзөмөлүндө камсыз кылышсын.

**8. Коронавирус илдетинин Жалал-Абад областында, Жалал-Абад шаарында жайылышынын күч алуусуна байланыштуу жана анын алдын алуу максатында төмөнкү иш-чаралар ыкчам түрдө жүргүзүлсүн:**

- **университет боюнча окуу жараяны жана жайкы сынактар сессиясы онлайн тартибинде аягына чыгарылсын;**
- **бардык аттестациялар, анын ичинде аралык жана жыйынтыктоочу, онлайн тартибинде аягына чыгарылсын;**
- **медициналык пункт, чарба бөлүмү, коопсуздук кызматы окуу жайдын имараттарында, кабинеттеринде, аймагында тийиштүү санитардык коопсуздук иштерин, талаптарын (анын ичинде милдеттүү бет кап тагынып жүрүү, залалсындандыруу) күнүмдүк тартипте аткарышсын;**
- **окуу жай жана анын бөлүмдөрүндө бардык массалык иш-чараларга, жыйындарга тыюу салынсын;**
- **медициналык пункт, Эл аралык медициналык колледждин кызматкерлери коронавирустан сактануу үчүн эмдөөдөн өтүүнүн зарылдыгы боюнча жамаат жана студент жаштар арасында тийиштүү маалымат берүү, түшүндүрүү иш-чараларын жүзөгө ашырышсын.**

9. Төмөнкү окуу китептери, окуу-усулдук колдонмолор мукабасында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин жазуусу (грифи) менен басмаканадан чыгарылууга сунушталсын:

- Арзыбаев А.А., Маткеримова А.М. “Башкаруучулук талдоо” окуу китеби;
- Омошев Т.Т. Авазова Э.А., Бекташева Б.А., Азимкулова А.А., Наджиева З.Э. Англис тили сабагынан окуу-усулдук колдонмо (9 кл. билими негизинде, 1-курс) 1-2-бөлүк.

10. э.и.к. Т.Т. Мамытовдун талапкерлиги Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясына доцент намын алууга сунушталсын.

11. Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы, э.и.к., доц. Н.Ж. Баимбетов 2021-2022-окуу жылына талапкерлерди кабыл алуу иштерин ыкчам түрдө КР Билим берүү жана илим министрлигинин тийиштүү жоболоруна жана талаптарына ылайык, о.э. тийиштүү санитардык талаптарга ылайык уюштурсун.

Негиз: ЭАУнун Окумуштуулар кеңешинин 2021-ж. 14.06. №15 токтому.

Ректор э.и.д., профессор С.А. Өмүрзаков